**Ачык сабактын иштелмеси**

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Күнү | | | | | |
| Колу | | | | | |

Сабактын аталышы: Кыргыз тили Классы: 7 Чейреги: 3

Сабактын темасы: **Жандоочтордун бөлүнүшү**

| Негизги компетенттүүлүктөр: | Предметтик компетенттүүлүктөр: |
|---|---|
| НК 1. Маалыматтык | ПК 1. Тил таануучулук (*грамматика)* |
| НК 2. Социалдык-коммуникативдик | ПК 2. Кептик (коммуникативдик) (*оозеки)* |
| НК 3. Өзүн-өзү уюштуруу ж-а көйгөйлөрдү чечүү | ПК 3. Маданият таануучулук (*тарбиялык)* |

| Сабактын максаты: | Сабактын көрсөткүчтөрү:<br>Максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу... |
|---|---|
| 1.Билим берүүчүлүк:<br>Окуучулар сөз түркүмдөрү, анын ичинен жандоочтор тууралуу түшүнүшөт. Атооч,барыш , табыш жөндөмүнө турушу жөнүндө маалымат алышат. | -сөз түркүмдөрү, алардын бөлүнүшү тууралуу түшүнүктөрүн айтып бере алышса; |
| 2. Өнүктүрүүчүлүк: жандоочтоду башка сөз түркүмдөрүнөн айырмалашат.Сөз түркүмдөрүн тереңирээк түшүнүшөт. | -сөз түркүмдөрүнүн түрлөрүн санап берүү менен ар бирине өз алдынча мисалдарды келтирүү аркылуу далилдеп бере алышса; |
| 3.Тарбия берүүчүлүк:<br>Окуучулар адабий тилдин нормасында туура, так жазууга, сүйлөөгө машыгышат жана кеп маданиятына тарбияланышат. | -окуучулар адабий тилдин нормасында туура, так , сабаттуу жазуу жана сүйлөө жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыра алышса;<br>-кеп маданиятына тарбияланышса; |

**Сабактын тиби:** жаңы теманы өздөштүрүү
**Сабактын формасы:** стандарттык класстык сабак
**Сабакта колдонулган интерактивдүү ыкмалар:** интерактивдүү методдун стратегиялары
**Сабактын жабдылышы, каражаттар:** окуу китеби, доска,бор, табл.схема,темага ылайык таркатмалар.
**Предмет аралык байланыш:** кыргыз адабияты, орус тили

**Сабактын жүрүшү:**

| № | Сабактын этаптары | Убак-тысы | Мугалимдин ишаракети | Окуучунун иш-аракети | НК | ПК | Баа лоо |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Уюштуруу (Мотивация) | 2 | -Окуучулар менен саламдашат;<br>-Окуучуларды толуктайт;<br>-Сабакка көңүл бурдурат; Психологиялык жагымдуу маанай түзөт. | -Мугалим менен саламдашышат; -Сабакта отураганын билдиришет; -Сабакка даяр экендигин айтышат; -Бири-бирине жылмаюу менен маанайларын көтөрүшөт. | НК2 | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2 | Окуучу-дын билимин актуалдаштыруу<br><br>Үй тапшырма | 5 | -Үй тапшырманы сурайт;<br>Окуучуларга берилүүчү суроолор:<br>1. Сөз түркүмдөрү канчага бөлүнөт?<br>2. Сөз түркүмдөр кепте кандай жолдор аркылуу колдонулат?<br><br>-Берилген каратма сөздөрдүн негизинде түзүп келген сүйлөмдөрүн окутуп, анализ жүргүздүрөт; | -Окуучулар берилген суроолорго билимбилгичтигинин негизинде жооп беришет;<br><br>-Үйдөн түзүп келишкен сүйлөмдөрүн окушуп, андагы каратма сөздөрдүн маанилерин аныкташат;<br><br>- Бири-биринин ойлорун толукташат; | НК3 | ПК2 | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 3 | Сабактын темасы, максаты ж-а күтүлүүчүү натыйжалар менен таанышты-руу | 2 | -Мугалим өтүлүүчү сабактын темасын, максаттарын жана күтүлүүчү натыйжалар тууралуу айтат; | -Окуучулар сабакты түшүнүүгө жана максаттарга жетүүгө умтулушат; | НК1 | | |
| 4 | Жаңы теманы түшүндүрүү<br><br>(жаңы сөздөр) | 15 | Жаңы теманы түшүндүрүүдөн мурда окуучулардын сөз түркүмдөрү жөнүндө кайталашат.<br>Жандоочтор деп өз алдынча турганда лексикалык мааниге ээ болбогон,сүйлөмдөгү сөздөрдү өз ара байланыштыруу үчүн кызмат кылган же аларга кошумча маани берген кызматчы сөздөр аталат.<br>Жандоочтор лексикалык бир маанини туюндура алышпайт, алардын кызматы сүйлөмдөгү сөздөрдү өз ара байланыштыруу аркылуу гана кызмат кылат.<br>Асан шаарды карай кетти. Бул сүйлөмдөгү жандооч карай. Шаар деген сөздүн табыш жөндөмөсүндө турушу карай деген жандоочко байланыштуу. Анын табыш жөндөмөдө турушун карай деген жандооч байланыштырып турат. | -Окуучулар сөз түркүмдөрү тууралуу түшүнүктөрүн айтышат;<br><br>- Андан соң, мугалимдин айткандарын кунт коюп угушат керектүү маалыматтарды дептерлерине жазып алышат;<br><br>-Мугалим менен биргелешип иштешет т.а. түшүнбөгөн суроолоруна жооп алышат жана мугалимдин суроолоруна жооп кайтарышат;<br><br>-Бири-биринин жоопторуна толуктоолорду киргизишет; | НК1<br><br>НК2 | ПК1<br><br>ПК2 | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | -Доскадагы мисалдарды мугалим менен биргелешип анализдешет; | НК3 | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 5 | Сабакты бышыктоо<br><br>Кайтарым байланыш | 15 | -Сабакты бышыктоо максатында окуучуларга төмөндөгүдөй тапшырмаларды берет:1-топ,2-топ адашкан сүйлөмдөрдү таап. Доскага жазышат. 2- тапшырма Сүрөттөрдү карап сүйлөм түзүү. 3-тапшырма китептен 220-көнүгүүнү жазып, жандоочтордун алдын сыздаткан.<br>Сабакты жыйынтыктоо максатында мугалим доскада жазылган А.Осмоновдун ,,Эне тилим,, деген ырын окуу аркылуу кайтарым байланыш жасайт; | -Окуучулар мугалим тарабынан берилген тапшырмаларды жазуу<br>жүзүндө аткарышат,<br><br>-Аткарган тапшырмаларын класста окушуп, талкуулашат жана сүйлөм топтомдорундагы жандоочтораркылуу жасалган сөздөрдү анализдешет. | НК1<br><br>НК3 | ПК1<br><br>ПК2<br><br>ПК3 | |
| 6 | Сабакты жыйынтык-тоо Баалоо (форм-к, суммат-к, калып-чу) | 3 | Бүгүнкү сабакта максатыбызга жеттикпи? Тактайлы, баалайлы. (Окуучулардын билим билгичтигине, активдүүлүгүнө карай | -Сабактын максаттарын такташат;<br><br>-Алган баалары менен таанышышат; | НК3 | ПК2 | |
| | | | критерийлерге таянып баалайт) | | | | |
| 7 | Үйгө тапшырма берүү | 2 | 135-бет, 227-көнүгүүнү иштеп келүү | Окуучулар үйгө берилген тапшырманы жазып алышат. | | | |